# 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Чүй областынын Панфилов районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, республикалык бюджеттеги айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышына жана муниципалдык ишканаларынын ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө
# Отчет

**Аудит объектилери**

Аудит объектилери болуп – Чүй областынын Панфилов райондук мамлекеттик администрациясы, Кайыңды шаарынын мэриясы, Панфилов районунун Өнүктүрүү фонду, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Панфилов финансы башкармалыгы, Панфилов районунун өз алдынча башкаруу органдары жана муниципалдык ишканалары эсептелет.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Аудит объекттеринин жалпы милдеттерине мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле, ушул аудиттин предметине болгон жоопкерчилик кирет.

**Аудит тобунун милдети**

Биздин милдет, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшү жана аткарылышы мыйзамдын талаптарына (аудиттин критерийлерине) ылайык келүүсү жөнүндө өз алдынча корутундуларга келүү болуп саналат. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөйлүк пикирине, анын ичинде алдамчылыктан, же катадан улам олуттуу шайкеш келбей калуу тобокелдигине баа берүүдөн көз каранды. Аудит аткарылган аудитордук жол-жоболор шарттарга ылайыктуу жана алынган аудитордук далилдер бул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негиз болуп берүү үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Предмети**

Аудиттин предмети болуп, жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу процесстеринин, ошондой эле, жергиликтүү бюджеттеги мекемелердин жана муниципалдык ишканалардын мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын талаптарына шайкештиги эсептелет.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Аудиттер INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана шайкештик аудит үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы каралган), ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудитинин колдонмосуна жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2016-жылдын 20-декабрындагы №03-7/155 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана анын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча көрсөтмөсүнө ылайык жүргүзүлдү.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Аудиттер шайкештик аудит үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы каралган), ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудитинин колдонмосуна жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2016-жылдын 20-декабрындагы №03-7/155 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана анын аймактык

бөлүнүштөрү тарабынан жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча көрсөтмөсүнө ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштыруу жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача мүнөздөмөсү**

Аудиттерди жүргүзүүнүн негизи болуп, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылга аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн буйруктары саналат.

Аудиттер Панфилов райондук мамлекеттик администрациясында, Кайыңды шаарынын мэриясында, Панфилов районунун Өнүктүрүү фондунда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Панфилов финансы башкармалыгында, Панфилов районунун **6** өз алдынча башкаруу органдарында жана **2** муниципалдык ишканаларында жүргүзүлгөн.

Аудиттер Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн бекитилген программасына ылайык, аудит объекттеринин кызмат адамдары тарабынан берилген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Конституциялык Мыйзамынын 29-беренесине ылайык, аудитке берилген документтердин, финансылык отчеттуулуктун, башка отчеттордун жана маалыматтардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчиликти аудит объектисинин кызмат адамдары жана аткаруучу адамдары тартат.

**2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата, мурдагы аудиттин сунуштамаларынын аткарылышы**

2022-жыл мезгил аралыгына карата Чүй областынын Панфилов районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган, бардыгы:

- финансылык бузуулар – **7905,2 миң сом;**
- бюджеттин резервдери жана жоготуулары – **14 420,3 миң сом;**
- рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар – **4 083,4 миң сом.**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары Панфилов райондук мамлекеттик администрациясынын коллегиясында каралган. Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 7241,0 миң сом суммасындагы финансылык бузуулардын 1084,5 миң сом калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген 6156,5 миң сом калган, анын ичинде:

- Күрпүлдөк айыл өкмөтү – 37,4 миң сом (аткарылган иштердин жогорулатылган наркы);

- Фрунзе айыл өкмөтү – 6119,1 миң сом (аткарылган иштердин жогорулатылган наркы).

**Панфилов районунун 2023-жылга социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдорун жана буйруктарын, Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн жана Панфилов райондук мамлекеттик администрациясынын чечимдерин аткарууда айыл аймактары, өндүрүш тармактары менен

биргеликте 2023-жылы социалдык-экономикалык өнүгүү програмасы боюнча иш чаралар аткарылган.

2023-жылы өнөр жай секторунда 5 480,9 млн. сомго продукция өндүрүлгөн, бул 2022-жылга салыштырмалуу 998,8 млн. сомго аз аткарылган, жана өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индекси 104,4 % түзгөн.

2023-жылы салык кызматынан каттоодон өтүп, 24 жаңы чакан орто бизнес ишканалар жана 1 социалдык объект ачылып, бардыгы 177 жумуш оруну түзүлүп, 2022-жылга салыштырмалуу 105 жумуш оруну көп түзүлгөн.

2023-жылы тышкы соода жүгүртүүсү 52,1 млн. АКШ долларын түзгөн, анын ичинде экспорттун көлөмү 45,0 млн. АКШ доллар, 2022-жылга салыштырмалуу 28 эсеге өскөн. Импорттун көлөмү 7,1 млн. АКШ долларын түзүп, 2022-жылга салыштырмалуу - 12,2 млн. АКШ долларына азайган.

2022-жылга салыштырмалуу тышкы соода жүгүртүүсүнүн көлөмү 31,22 млн. АКШ долларына көбөйүп, өсүү темпи 249,5% түзгөн.

2023-жылы райондун социалдык экономикалык өнүктүрүү планына ылайык жалпысынан 440,8 млн. сомго 54 долбоор аткарылган. Райондун тургундарына 177 туруктуу жана 744 сезондук жумуш орундары түзүлгөн.

Райондун экономикасын жана социалдык чөйрөсүн өнүктүрүү үчүн 2023-жылдын январь-декабрь айларында негизги капиталга 319,3 млн. сом инвестициялык салым колдонулган, бул 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 175,3 % түзгөн.

Негизги капиталга инвестицияларды каржылоонун негизги булактары болуп ишканалардын каражаттары 265,3 млн. сомду же 83,1% түзгөн, жергиликтүү калк жана кайрымдуулук жардамдын каражаттары 34,2 млн. сомду же 10,7% түзсө, жергиликтүү бюджеттин каражаттары – 7,0 млн. сомду же 2,2% түзүп, республикалык бюджеттин каражаты 12,7 млн.сом, же 3,98 % түзгөн.

Жеке турак жайлардын ишке киргизилиши 2023-жылы 15 үй 1456 чарчы метр жалпы аянты менен пайдаланууга берилген.

Панфилов райондун унаа уюму жана жеке ишкерлер тарабынан 2023-жылдын отчеттук мезгилинде 317 миң тн. жүк ташылып, өткөн жылга салыштырмалуу 1,0 миң тн., көп, өсүү темпи 100,3% (2022-ж- 316,0 миң тн).

Жүргүнчүлөрдү ташуу 7204 миң жүргүнчүнү түзгөн, бул өткөн жылдын деңгээлине салыштырмалуу 53,8 миң жүргүнчүгө көп ташылган, өсүү темпи 100,7 % түзгөн.

Район боюнча 2023-жылы келип түшкөн электр энергия 102047,3 миң кВт/ сааты түзүп, пландан (100910,8 миң кВт/с) 1136,5 миң кВт/саатка көп колдонулган. Былтыркы жылга салыштырмалуу иш жүзүндө керектөө 3203,8 миң кВт/саатка көбөйгөн.

**2023-жылга жергиликтүү бюджеттин аткарылышы**

Панфилов районунун 2023-жылдын 12-айында салык жана салыктан тышкары төлөмдөрдүн мамлекеттик бюджетке түшүүсү такталган план-божомол 301 600,0 миң сомго бекитилсе, иш жүзүндө 319 300,0 миң сом түшкөн, же план 105,9% аткарылган, жана накталай түшүү планга салыштырмалуу 17 700,0 миң сомго көп камсыздалган.

Башкача айтканда, 2022-жылдын 12 айына салыштырмалуу 834 млн 733,3 миң сомго көп салык чогултулган, жана өсүү темпи 151,4% түзгөн.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү план боюнча 197 800,0 миң сомго божомолдонсо, иш жүзүндө 197 837,5 миң сом камсыздалып, божомол 100 % аткарылган. Башкача айтканда, киреше бөлүгү 37,5 миң сомго көп чогултулган, 2022-жылга салыштырмалуу өсүү темпи 219 % түзгөн.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн атайын каржаттары менен эсептелген кирешеси план боюнча 103 700,0 миң сом каралса, иш жүзүндө 121 400,0 миң сом түшүп, план 117 % аткарылган, же ашыкча 17 600, миң сом түшкөн, 2022-жылга салыштырмалуу өсүү темпи 124,7 % түзгөн.

Салык кирешелери боюнча жеткирилген болжолдуу планы жалпысынан бардык айыл өкмөттөр тарабынан ашыгы менен аткарылган. 2023-жылга камсыздандыруу төгүмдөрүн чогултуу планы 256 500,0 миң сомго бекитилсе, иш жүзүндө 258 500,0 миң сом жыйналып, белгиленген план 101% аткарылган, же болбосо 2 000,0 миң сомго ашыкча чогултулган. 2022-жылга салыштырмалуу өсүү темпи 127,3% түзгөн.

Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн карызы 2024-жылдын 1-январына 5 900,0 миң сомду түзөт, жана 2023-жылдын башына салыштырмалуу 1 800,0 миң сомго кыскарган.

Чүй областынын Панфилов районунда жүргүзүлгөн учурдагы аудиттерде **44356,2 миң сом** финансылык бузуулар аныкталган, анын ичинен:

**110105** Бюджеттик мыйзамдын талаптарына бюджет долбоорунун киреше бөлүгүнүн туура келбеши – 20291,3 миң сом;

**210301** Бюджетке мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү тескөөдөн, мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү пайдалануудан алынган каражаттарды, ошондой эле акы төлөнүүчү мамлекеттик (муниципалдык) кызмат көрсөтүүлөрдөн алынган кирешелерди которбоо (өз убагында же толук эмес которуу) – 76,8 миң сом;

**210305** Бюджетке милдеттүү төлөмдөрдүн чегерилбеши (өз учурунда эмес жана толук эмес чегерүү) – 209,7 миң сом;

**230102** Башка булактардын каражаттарынын эсебинен жүргүзүлө турган чыгымдарды төлөө боюнча бюджеттик каражаттарды пайдалануу – 8160,9 миң сом;

**230207** Курулуш-монтаждоо иштеринин наркын же көлөмдөрүнүн жогорулатылышы – 537,4 миң сом;

**230303** Кызматкерлердин эмгек акы төлөөлөр жана башка акчалай төлөмдөр боюнча ченемден ашыкча чыгымдар – 911,1 миң сом;

**230305** ТМБ жана башка чыгымдар боюнча ченемден ашык чыгымдар – 10570,3 миң сом;

**230306** ТМБ нормативден ашыкча запастары жана эсептөөлөрдөгү каражаттар – 1672,4 миң сом;

**410205** Эмгек акыны, командировкалык чыгымдарды, жөлөкпулдарды, компенсацияларды жана башка төлөмдөр менен байланышкан бузуулар – 1028,7 миң сом;

**410215** Дебитордук карызды эсепке алуу боюнча бузуулар - 105,8 миң сом;

**410301** Эсеп жүргүзүү тартибинин жана отчеттуулуктун башка бузуулары – 48,3 миң сом;

**510103** Мыйзамдардын талаптарына ылайык, конкурс өткөрүлбөстөн, сатып алуулар (товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү) – 743,5 миң сом.

Мындан тышкары, 7 (жети) башка жол-жоболук бузуулар жана 4 (төрт) мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү башка бузуулар аныкталган.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында, төмөнкү жагдайларды кошпогондо, Чүй областынын Панфилов районунун төмөнкү мекемелеринин бюджеттеринин аткарылышы жана муниципалдык ишканалардын иштери, бардык олуттуу аспекттеринде, мыйзамдардын талаптарына шайкеш келгендиги аныкталды.

**Панфилов райондук мамлекеттик администрациясы боюнча**

2023-жылга чыгымдар сметасы 42 879,8 миң сомго бекитилип, 2023-жылдын ичинде 45 869,8 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 43 532,2 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 40136,6 миң сомго аткарылган.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын 6-бөлүгүн бузуу менен, Панфилов райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы Б.Масаидовго, 2023-жылдын 21-23-сентябрында жана 14-16-октябрында кызматтык иш сапарда жүргөнүнө карабастан, айлык эмгек акыга жол киреге жана тамак-аш чыгымдарына 1,7 миң сом үстөк акы кошумча чегерилген. Ошондой эле, Панфилов райондук мамлекеттик администрациясынын социалдык саясат секторунун башкы адиси Э.Корпобаев 2023-жылдын 8-11-ноябрында иш сапарга сапарда жүргөнүнө карабастан, эмгек акыга, жол кире жана тамак-аш чыгымдарына 1,4 миң сом үстөк акы чегерилген, жалпы **3,1 миң сом**.

**Сунуштама:**

Ашыкча эсептелинген 3,1 миң сом тиешелүү кызматкерлерден кармалып тиешелүү бюджетке которулсун. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын талаптары так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарын бузуу менен, кийинки жылдагы каржылоодо эсепке алынууга тийиш **197,4 миң** сом дебитордук карыздардын калдыгы эсептелген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, дебитордук карыздардын калдыктарынын ашыкча болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин 2023-жылдын 14-ноябрындагы №01-13/231 “2023-2024-жылдарга бюджеттик уюмдар үчүн электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөөнүн лимиттерин бекитүү жөнүндө” буйругу менен Кайыңды шаардык мэриясынын жана 6 айыл өкмөтүнүн электр энергиясына кеткен чыгымдарына белгиленген ченем 4 348,0 кВт саатты түзгөн, ал эми иш жүзүндөгү чыгым 7435,4 миң кВт саатты түзгөн, натыйжада 3 087,4 кВт саат, 10 497,2 миң сомго электр энергиясы ашыкча сарпталган. Ал эми, Панфилов райондук мамлекеттик администрациясынын электр энергиясына белгиленген ченем 114,5 кВт саатты түзгөн, иш жүзүндөгү чыгым 136,0 миң кВт саат колдонулуп, натыйжада белгиленген ченемден ашыкча 21,5 кВт саат, 73,1 миң сом пайдаланылган, жалпы **10 570,3 миң сом** ашыкча сарпталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик уюмдар үчүн электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын пайдаланууга бекитилген ченемдердин сакталуусу камсыз кылынсын, жана ченемден ашыкча пайдаланууга жол берилбесин. Жогорудагы бузууларга жол берген жоопкерчилиги каралсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор С. Байбосунов

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Панфилов финансы башкармалыгы боюнча**

2023-жылга сметалык чыгымдар республикалык бюджеттен 3 747,7 миң сомго бекитилип, жыл ичинде 5 560,3 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 4 775,5 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 4 686,3 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 9-беренесинин 6-пунктунун талаптарын бузуу менен, контрактты башкаруу үчүн жоопту адам дайындалган эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, контрактты башкаруу үчүн жоопту адам дайындоо бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор С. Байбосунов

**Кайыңды шаарынын мэриясы боюнча**

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 53 409,0 миң сомго бекитилип, 2023-жылдын ичинде смета 64 046,6 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 62 690,2 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 33 345,0 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын ичинде, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 4-пунктун бузуу менен, Кайыңды шаардык кеңешинин токтому менен бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө 2023-`жылдын 1-ноябрынан кийин 1 жолу 955,9 миң сомго өзгөртүү киргизилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жергиликтүү бюджетке өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген тиешелүү мөөнөттөр сакталсын.

**2. Критерийлерди бузулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 74-беренесин, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган 2 кызматкер кабыл алынган, аларга **397,6 миң сом** эмгек акы чегерилген, анын ичинде  Социалдык фондго чегерүүлөр 58,5 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 74-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктунун талаптары жетекчиликке алынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын штаттык санынын типтик структурасын бекитүү» жөнүндөгү токтомунда каралбаган, саламаттыкты сактоо бөлүмүнө 7 штаттык бирдик жана спорттук комплексине 3 штаттык бирдик бекитилип, 2023-жылы жалпы эмгек акы фондусунан **888,8 миң сом** эмгек акы чегерилген, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 130,8 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кайыңды шаарынын мериясынын штаттык ырааттамасы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 «Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө» токтому менен бекитилген областтык жана райондук маанидеги шаарлардын мэрияларынын штаттык санынын чегине ылайык бекитилсин.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 9-беренесинин 6-пунктунун талаптарын бузуу менен, контрактты башкаруу үчүн жоопту адам дайындалган эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, контрактты башкаруу үчүн жоопту адам дайындоо бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарын бузуу менен, жылдын аягына карата **10,9 миң сомго** көмүрдүн нормативден ашыкча запастары, ошондой эле, кийинки жылдагы каржылоодо эсепке алынууга тийиш **298,0 миң** сомдук дебитордук карыздардын калдыгы эсептелген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык материалдык баалуулуктардын жана дебитордук карыздардын калдыктарынын ашыкча болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын 1-январына карата Кайынды шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик мүлктөрүнүн ижара акысы үчүн карыздары 14,0 миң сомду, ижара келишимдеринин суммасы 163,1 миң сомду түзгөн. Бирок, жогоруда көрсөтүлгөн киреше булактары боюнча 2023-жылга такталган план болгону 23,0 миң сомго бекитилген, же болбосо бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы **154,1 миң сомго** төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Кайыңды шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик мүлктөрүн ижарага берүү боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолу, ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле, өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын эске алуу менен түзүлсүн.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 22-беренесине ылайык, 4% өлчөмүндө бирдиктүү салык (ЕН) «Кыйыр салыктын» түрлөрүнө кирбейт. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 418-беренесинин 1-пунктуна ылайык, салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн тутуму субъекттер тарабынан ушул главага ылайык салык салынууга тийиш болгон иштерге карата, салык салынуучу берүүлөргө КНС (НДС) ордуна бирдиктүү салык төлөө укугу каралган. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 18-майындагы №4-НПА «Кыргыз Республикасынын аймагында курулуштун наркын аныктоочу усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү тууралуу» көрсөтмөсүнө ылайык, бирдиктүү салык жумуштун наркына кошулуп эсептелиши каралган эмес.

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте "№3 Кайыңды орто мектебинин борбордук чатырын оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Капитал Сервис" ЖЧКсы тарабынан, аткарылган иштердин актысына 4% өлчөмүндөгү бирдиктүү салык киргизилгендигине байланыштуу, иштердин наркы **28,0 миң сомго** жогорулатылгандыгы аныкталган.

Мындан тышкары, "№3 Кайыңды орто мектебинин стадионунун тосмосун орнотуу" объектиси боюнча, подрядчы "ИПСУМ Сервис" ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштердин наркы **26,3 миң сомго** жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган, аткарылган иштердин жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн, анын ичинде:

-«№3 Кайыңды орто мектебинин борбордук чатырын оңдоо» объектиси боюнча подрядчы «КапиталСервис» ЖЧКсы тарабынан 28,0 миң сомго;

- "№3 Кайыңды орто мектебинин стадионунун тосмосун орнотуу" объектиси боюнча, "ИПСУМ Сервис" ЖЧКсы тарабынан 26,3 миң сомго.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор С. Байбосунов, Ж. Кучуков

**“Кайыңды Сервис” муниципалдык ишканасы боюнча** (уюштуруучусу Каинды шаарынын мэриясы)

Ишкана бирдиктүү салык декларациясынын көрсөткүчтөрү боюнча, операциялык ишмердүүлүктүн негизги кирешеси 3 969,7 миң сомго аткарылган, ал эми операциалык ишмердүүлүктүн дүң төлөөлөрүнүн жыйынтыгы 3 980,2 миң сом болуп, Ишкана 2023-жылдын жыйынтыгы менен 10,5 миң сомдук зыян тарткан.

**1.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Ишкананын 2023-жылдын 1-январына дебитордук карызы 6669,3 мин сом (426,6+6242,7) өндүрүлбөгөн карызы болгонуна, 2023-жылы эсептөө төлөмдөрү 5685,3 миң сомго жүргүзүлгөнүнө карабастан, 2023-жылдагы киреше планы 4 472,2 миң сомго каралып, жалпы аудит камтыган мезгил аралыгында план себепсиз **7 882,4 миң сомго** азайтылган (6669,3+5685,3-4472,2) жана шаардын тургундарынын саны ай сайын өзгөрүлүп тургандыктан, так маалымат азыркы күнгө чейин такталган эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, өндүрүлбөй калган дебитордук карызды өндүрүп алуу боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн жана жылдык киреше планын азайтууга тыюу салынып, аймактын тургундарынын саны такталып, келишимдер түзүлүп абоненттер тууралуу маалыматтар талапка ылайык келтирилсин.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө кортунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 107-беренесинин талаптарын бузуу менен, мөөнөтсүз иш убактысынын табелдери же чыныгы иштегендиги туралуу отчет тапшырылбастан (аудитке берилген жок) штаттык тизмеде ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн 3 (үч) айдоочуга жалпы **22,3 миң сом** эмгек акы эсептелген, анын ичинде Социалдык фондго төгүмдөрү 3,3 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 107-беренесинин талаптары так сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун Типтүү тартибин бекитүү тууралуу” №301 токтомунун 5-пунктун ылайык, сатып алуулардын ички эрежелери кабыл алынган эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде

алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун Типтүү тартибин бекитүү тууралуу"  №301 токтомунун 5-пунктуна ылайык, сатып алуулардын ички эрежелеринин кабыл алуусу жана ачык жеткиликтүү жайгаштыруусу камсыз кылынсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө" Нускамасынын талаптарын бузуу менен", Кайыңды сервис" МИ акы чегерилген кызматкерлерден  (тизме түзүлгөн) **51,4 миң сомго** жана ишканадан **158,3 миң сом** (17,25%) социалдык төлөмдөр кармалган эмес.

**Сунуштама:**

Ишкананын жетекчилиги тизмедеги жарандардан 51,4 миң сомго, жана Ишкананын эсебинен 158,3 миң сом социалдык камсыздандыруу төлөмдөрүн кармап, Социалдык фондко түшүрүүсүн камсыздасын. Мындан ары, айлык акыларды төлөөдө,  Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө" Нускамасынын талаптары так сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Акы төлөнүүчү кызматтардын тарифтери Кайыңды шаардык кеңештин 2017-жылдын 29-сентябрындагы №29Х1-3, 2018-жылдын 20-апрелиндеги №52ХХ-1, 2019-жылдын 26-декабрындагы №116/XXXV-5 токтомдору менен бекитилген. Баалардын өсүшүнө карабастан, 2019-жылдан бери акы төлөнүчү кызматтардын тарифтери өзгөрүүсүз келүүдө. Ишкана 2023-жылдын жыйынтыгын зыян менен аяктаган.

**Сунуштама:**

Ишкананын кирешесин көбөйтүү жана ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугунун жыйынтыгын жогорулатуу максатында, Кайынды шаардык кеңешине акы төлөнүүчү кызматтардын тарифтерин көтөрүү маселеси сунушталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор С. Байбосунов.

**Вознесеновка айыл өкмөтү боюнча**

2023-жылга бюджеттин кирешелер бөлүгү активдер, милдеттемелер жана трансферттер менен 9 144,0 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 12 200,0 миң сомго такталган, кирешенин түшүүсү 15 023,8 миң сомго камсыздалып, план 123,1 % аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 8 539,0 миң сомго бекитилген,  2023-жылы 14 551,0 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 14 421,9 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 12 637,3 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте "Вознесеновка айылындагы футболчулар үчүн чечинүүчү жайга жумуш сатып алуу" объектиси боюнча, "Кожобай Курулуш" ЖЧКсы тарабынан 2 даана фарфор электр жылыткычтары орнотулбаганы аныкталган. Ошентип аткарылган иштердин наркы **28,0 миң сомго** жогорулатылган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган «Вознесеновка айылындагы футболчулар үчүн чечинүүчү жайга жумуш сатып алуу» объектиси боюнча подрядчы « Кожобай Курулуш» ЖЧКсы тарабынан 28,0 миң сомго иштердин жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Туйтенов Н., Күчүков Ж.

**Курама айыл өкмөтү боюнча**

2023-жылга бюджеттин киреше бөлүгү, активдер, милдеттенмелер жана трансферттерменен 26 101,0 миң сомго бекитилген, такталган план 29583,5 миң сомду түзгөн, иш жүзүндө аткаруу 28 329,4 миң сомго камсыздалып, план 129,7 % аткарылган.Бюджеттин чыгаша бөлүгү 20 809,0 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 31 723,8 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 29 723,8 миң сомду түзүп, накталай чыгымдар 25 328,8 миң сомдго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Курама айыл өкмөтүнүн муниципалдык жерлерин ижарага алуучулардан түшүүлөр боюнча бюджеттин киреше бөлүгүнүн планы 3 600,0 миң сомго, жайыттардын ижара акысы 400,0 миң сом жана АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы 3200,0 миң сомго бекитилген.

Ошол эле учурда, айыл өкмөтүнүн жерлерин ижарачылар жөнүндө маалыматтарга ылайык, калктуу конуштардагы жерлерди ижарачылар менен түзүлгөн келишимдердин суммасы 2023-жылдын 1-январына карата 3 268,8 миң сомду түзгөн жана жылдын башына карата дебитордук карыздын калдыгы 1886,9 миң сом, бардыгы 5155,7 миң сомду түзгөн.

Алсак, АЧЖМФ жерлери боюнча 2023-жылга түзүлгөн келишимдердин суммасы 7094,2 миң сомду түзгөн жана дебитордук карыз жылдын башында 1869,1 миң сомду түзгөн, же АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы боюнча кирешелердин планы жыл башында бекитилген 3200 миң сом болсо, аукциондор өткөрүлүп жана келишимдер кайра түзүлүп 2023-жылга бардыгы 7094,2 миң сом эсептелген.

Жайыт ижарачыларынан түшүүлөрдүн планы түзүлгөн келишимдердин суммасына салыштырмалуу төмөндөтүлгөн, мында түзүлгөн келишимдердин суммасы 400,0 миң сом, жайыт ижарачыларынан түшүүлөр болжол менен 2023-жылга 626,8 миң сомду түзгөн.

Жыйынтыгында ижарага берилген жерлердин бардык түрлөрү боюнча, айыл өкмөттүн бюджетинин 2023-жылдын киреше бөлүгү **2995,6 миң сомго** төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, айыл өкмөттүн киреше бөлүгүн түзүүдө, АЧЖМФ жерлери үчүн ижара акысынын карыздары эске алынсын жана бюджеттин киреше булактарынын пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүүгө жол берилбесин.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Сот органдарынын чечимин аткаруу үчүн Курама айыл өкмөтүнүн акча каражаттары, электр энергиясы боюнча карызды жоюуга 550,0 миң сом сарпталган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фондуна жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Бюджеттик кредиттерди башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине карыздарды жоюу үчүн 150,0 миң сом төлөнгөн жана Социалдык фонд боюнча карызды жоюу үчүн 300,0 миң сом төлөнгөн, буга байланыштуу, жергиликтүү бюджеттин жоготуулары 2023-жылга **1000,0 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, чыгымдардын сметасында каралбаган жергиликтүү бюджеттин каражаттарын пайдаланууга жол берилбесин.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 22-беренесине ылайык, 4% өлчөмүндө бирдиктүү салык (ЕН) «Кыйыр салыктын» түрлөрүнө кирбейт. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 418-беренесинин 1-пунктуна ылайык, салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн тутуму субъекттер тарабынан ушул главага ылайык салык салынууга тийиш болгон иштерге карата, салык салынуучу берүүлөргө КНС (НДС) ордуна бирдиктүү салык төлөө укугу каралган. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 18-майындагы № 4-НПА «Кыргыз Республикасынын аймагында курулуштун наркын аныктоочу усулдук көрсөтмөлөрдү

бекитүү тууралуу» көрсөтмөсүнө ылайык бирдиктүү салык жумуштун наркына кошулуп эсептелиши каралган эмес.

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте "М. Шейшеналиев атындагы орто мектептин спорт залынын полун алмаштыруу" объектиси боюнча подрядчы “Евразия Строй" ЖЧКсы тарабынан, аткарылган иштердин актысына 4% өлчөмүндөгү бирдиктүү салык негизсиз киргизилип, иштердин наркы **23,8 миң сомго** жогорулатылган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган «М.Шейшеналиев атындагы орто мектептин спорт залынын полун алмаштыруу» объектиси боюнча подрядчы «Евразия Строй» ЖЧКсы тарабынан 23,8 миң сомго иштердин жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектордун м.а. Давлетбаев Б., Кучуков Ж.

**“Курама-суу сууканалы” муниципалдык ишканасы боюнча** (уюштуруучусу Курама айыл өкмөтү)

2023-жылга операциялык ишмердүүлүктөн негизги киреше 2 878,3 миң сомду түзгөн, жалпы административдик чыгашалар 3 204,3 миң сомго жүргүзүлгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу” токтому менен бекитилген Типтүү тартибин бузуу менен, эсепке берүү жолу менен **743,5 миң сомго** ТМБ жана кызматтарды сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, ТМБ жана кызматтарды сатып алууда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген Типтүү тартиптин талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектордун м.а. Давлетбаев Б.

**Күрпүлдөк айыл өкмөтү боюнча**

2023-жылга бюджеттин чыгаша бөлүгү 19 331,5 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 17 931,5 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар16 563,1 миң сомду түзгөн, накталай чыгымдар 12 637,3 миң сомго атарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес, 37,4 миң сом курулуш-куроо иштеринин жогорулатылган көлөмдөрү калыбына келтирилген эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын талаптары так аткарылсын. 37,4 миң сомду калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн (курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы).

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

АЧЖМФ жерлеринин ижарачыларынын карызы 2023-жылдын 1-январына карата 613,4 миң сомду түзсө, 2023-жылын 1-январына карата АЧЖМФ жерлеринин түзүлгөн келишимдердин негизинде ижара акысынын суммасы 1 4631,3 миң сомду түзгөн, ошону менен бирге 2023-жылга АЧЖМФ жерлерин ижарага берүүдөн түшө турган киреше планы 1 422,0 миң сомго гана бекитилген, же болбосо бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы 652,1 миң сомго төмөндөтүлгөн.

АЧЖМФ жерлеринин мүлк салыгынын карызы 2023-жылдын 1-январына карата 852,5 миң сомду түзгөнүнө карабастан, 2023-жылга АЧЖМФ жерлеринин жер салыгынын киреше планы болжолдонуп бекитилген эмес, же Күрпүлдөк айыл өкмөтүнүн бюджетинин киреше бөлүгү 852,5 миң сомго төмөндөтүлгөн.

Жогоруда келтирилген киреше булактары боюнча айыл өкмөттүн бюджетинин киреше бөлүгүнүн планы **1 504,6 миң сомго** төмөндөтүлүп бекитилген, жана бюджеттин жоготуулары болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнүн жерлерин ижарага берүүдө жана мүлк салыгы боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолу, ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын эске алуу менен, түзүлсүн.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **616,1 миң сомго** көмүрдүн нормативден ашыкча запастары калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 9-беренесинин 6-пунктун бузуу менен, контрактты башкаруу үчүн жоопту адам дайындалган эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, контрактты башкаруу үчүн жоопту адам дайындоо бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын 1-январына карата АЧЖМФ жерлеринин өндүрүлбөй калган ижара акысы 613,4 миң сом болгон. Түзүлгөн келишимдердин негизинде 2023-жылы ижара акысы 1461,3 миң сомду түзгөн, ал эми жыл ичинде болгону 1 364,3 миң сом өндүрүлүп, 2024-жылдын 1-январына өндүрүлбөй калган ижара акысы 710,4 миң сомго чейин өскөн.

**Сунуштама:**

АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесин жана Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, жайыт комитетинин кирешесинин 1/3 бөлүгү, же **76,8 миң сом** жергиликтүү бюджеттин кирешесине которулган эмес.

**Сунуштама:**

Жайыт комитетинен которулбаган 76,8 миң сом өндүрүлсүн. Мындан ары, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелер Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарына ылайык толугу менен айыл өкмөттүн бюджетине төгүлүп, Жайыт комитетин каржылоого жана жайыттарды пайдалануунун жылдык планына ылайык жайыттарды жана жайыт инфраструктурасын жакшыртууга пайдаланылсын.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 22-беренесине ылайык, 4% өлчөмүндө бирдиктүү салык (ЕН) «Кыйыр салыктын» түрлөрүнө кирбейт. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 418-беренесинин 1-пунктуна ылайык, салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн тутуму субъекттер тарабынан ушул главага ылайык салык салынууга тийиш болгон иштерге карата, салык салынуучу берүүлөргө КНС (НДС) ордуна бирдиктүү салык төлөө укугу каралган. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 18-майындагы № 4-НПА «Кыргыз Республикасынын аймагында курулуштун наркын аныктоочу усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү тууралуу» көрсөтмөсүнө ылайык бирдиктүү салык жумуштун наркына кошулуп эсептелиши каралган эмес.

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте подрядчылар тарабынан, аткарылган иштердин актысына 4% өлчөмүндөгү бирдиктүү салык негизсиз киргизилип, иштердин наркы **199,7 миң сомго** жогорулатылган. Анын ичинде:

-"Күрпүлдөк айыл өкмөтүндөгү Киров айылындагы кичи футбол аянтчасын куруу" объектиси боюнча подрядчы "Спецмонтажгазстрой" ЖЧКсы тарабынан 134,7 миң сомго;

- "Күрпүлдөк айыл өкмөтүнүн А.Ибраималиев атындагы орто мектептин жылытуу жабдууларын алмаштыруу боюнча кызмат" объектиси боюнча подрядчы "Би Тесла" ЖЧКсы тарабынан 65,0 миң сомго.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган, подрядчылар тарабынан аткарылган иштердин жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн, анын ичинде:

-"Күрпүлдөк айыл өкмөтүндөгү Киров айылындагы кичи футбол аянтчасын куруу" объектиси боюнча подрядчы "Спецмонтажгазстрой" ЖЧКсы тарабынан 134,7 миң сомго;

- "Күрпүлдөк айыл өкмөтүнүн А.Ибраималиев атындагы орто мектептин жылытуу жабдууларын алмаштыруу боюнча кызмат" объектиси боюнча подрядчы "Би Тесла" ЖЧКсы тарабынан 65,0 миң сомго.

**<u>Дем берүүчү гранттар боюнча:</u>**

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте "Күрпүлдөк айыл өкмөтүнүн А.Ибраималиев атындагы орто мектептин имаратын капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Катаскеви" ЖЧКсы тарабынан, аткарылган иштердин актысына 4% өлчөмүндөгү бирдиктүү салык киргизлгендигине

байланыштуу иштердин наркы **125,3 миң сомго** жогорулатылгандыгы аныкталган. Бирдиктүү салык 4% накталай төлөм түрүндө гана киргизилет.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган «Күрпүлдөк айыл өкмөтүнүн А.Ибраималиев атындагы орто мектептин имаратын капиталдык оңдоо» объектиси боюнча подрядчы «Катаскеви» ЖЧКсы тарабынан 125,3 миң сомго иштердин жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Кутпидин уулу А., Кучуков Ж.

**Орто айыл өкмөтү боюнча**

2023-жылдын бюджетинин чыгаша бөлүгү 14 669,0 миң сомго бекитилип, жыл ичинде 28 473,2 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 22 594,5 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 18 592,1 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **550,0 миң сомго** көмүрдүн нормативден ашыкча запастары калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

**Дем берүүчү гранттар боюнча:**

Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 22-беренесине ылайык, 4% өлчөмүндө бирдиктүү салык (ЕН) «Кыйыр салыктын» түрлөрүнө кирбейт. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 418-беренесинин 1-пунктуна ылайык, салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн тутуму субъекттер тарабынан ушул главага ылайык салык салынууга тийиш болгон иштерге карата, салык салынуучу берүүлөргө КНС (НДС) ордуна бирдиктүү салык төлөө укугу каралган. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 18-майындагы № 4-НПА «Кыргыз Республикасынын аймагында курулуштун наркын аныктоочу усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү тууралуу» көрсөтмөсүнө ылайык бирдиктүү салык жумуштун наркына кошулуп эсептелиши каралган эмес.

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте подрядчылар тарабынан, аткарылган иштердин актысына 4% өлчөмүндөгү бирдиктүү салык негизсиз киргизилип, иштердин наркы **106,3 миң сомго** жогорулатылган. Анын ичинде:

-"О.Текеев атындагы орто мектебинин тосмосун орнотуу" объектиси боюнча подрядчы "ТН Профи " ЖЧКсы тарабынан 51,4 миң сомго;

- “К. Жумагулов атындагы орто мектебинин тосмосун орнотуу" объектиси боюнча подрядчы "ТН Профи " ЖЧКсы тарабынан 54,9 миң сомго.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган, подрядчылар тарабынан аткарылган иштердин жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн, анын ичинде:

-"О.Текеев атындагы орто мектебинин тосмосун орнотуу" объектиси боюнча подрядчы "ТН Профи " ЖЧКсы тарабынан 51,4 миң сомго;

- “К. Жумагулов атындагы орто мектебинин тосмосун орнотуу" объектиси боюнча подрядчы "ТН Профи " ЖЧКсы тарабынан 54,9 миң сомго.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Чымылдаков К., Кучуков Ж.

**Чалдыбар айыл өкмөтү боюнча**

2023-жылга бюджеттин чыгаша бөлүгү 10 699,5 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 22 021,3 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 19 275,2 миң сомду түзүп, накталай чыгымдар 11 030,4 миң сомго аткарылган..

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

АЧЖМФ жерлеринин түзүлгөн келишимдердин негизинде ижара акысынын суммасы 7 149,5 миң сомду түзгөн, ошону менен бирге 2023-жылга АЧЖМФ жерлерин ижарага берүүдөн түшө турган киреше планы 2 495,1 миң сомго гана бекитилген, же болбосо бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз **4 654,5 миң сомго** төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнүн жерлерин ижарага берүүдө жана мүлк салыгы боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолу, ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын эске алуу менен, түзүлсүн.

**2.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 74-беренесин, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, кадрлар резервинде турбаган 2 жаран бош кызмат ордуна негизсиз кабыл алынган, жана **377,7 миң сом** айлык акы чегерилген, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 65,2 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 74-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктунун талаптары жетекчиликке алынсын.

**3.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын 1-январына карата бухгалтердик эсеп-кысаптын эсептеринде Панфилов райондук архитектурасынын Чалдыбар айыл өкмөтүнүн алдында 200,0 миң сом дебитордук карыз калдыгы болгон. 2023-жылдын ичинде Панфилов райондук архитектурасы айыл өкмөткө 94,2 миң сомго кызмат көрсөткөн, Чалдыбар айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмү тарабынан Панфилов райондук архитектурасынын калган **105,8 миң сомго** дебитордук карызы эсепте чагылдырылган эмес, же жашырылган. Аудит учурунда Панфилов райондук архитектурасынын дебитордук карызы бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилген.

**Сунуштама:**

Аудит учурунда Панфилов райондук архитектурасынын 105,8 миң сомдук жашырылгын дебитордук карызы бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилгени эске алынсын. Мындан ары, дебитордук карызды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары так сакталсын.

**4.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылы 2215 “Дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу” беренесинин каражаттарынын эсебинен 48,3 миң сомго жол белгилери сатып алынган, бирок Кыргыз

Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча» Жобонун талаптарын бузуу менен, айыл өкмөттүн бухгалтердик эсеп-кысаптын негизги каражаттарды эсепке алуучу эсептеринде чагылдырылбастан, **48,3 миң сомдук** негизги каражаттар чыгышталган.

**Сунуштама:**

Аудит учурунда бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, 48,3 миң сом баасындагы жол белгилери бухгалтердик эсеп-кысаптын тийиштүү эсептеринде чагылдырылганы эске алынсын. Мындан ары, сатылып алынган негизги каражаттарды эсепке алууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары так сакталсын.

**5.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылдын 28-мартындагы Чүй областынын райондор аралык соту тарабынан 2 334,1 миң сом акча каражатын Чалдыбар айыл өкмөтүнүн каражаттарынын эсебинен, 2006-2012-жылдар аралыгында дыйкан чарбалар жана юридикалык жеке жактар тарабынан ижарага алган АЧЖМФ жерлеринин Социалдык фондко төлөмдөрү катары Панфилов райондук Социалдык фондуна, төлөнсүн деп чечимин чыгарган, же болбосо **2 334,1 миң сом** акча каражаты айыл өкмөтүнүн бюджеттик жоготуулары болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Соттук чечимдердин натыйжасында, дыйкандар алган товардык кредиттер боюнча берилген кепилдик милдеттенмелер үчүн жергиликтүү бюджеттин 2334,1 миң сом суммасында жоготуулары орун алганын эске алып, мындан ары кепилдик берүү тартипке салынсын.

Мындан ары, бюджеттик каражаттардын жоготуусун болтурбоо үчүн, АЧЖМФ жерлеринин ижарачылары тарабынан Социалдык фондко төлөмдөрүн өз убагында төлөнүүсү камсыздалсын.

**6.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын 1-январына карата АЧЖМФ жерлеринин өндүрүлбөй калган ижара акысы 3 101,1 миң сом болгон. Түзүлгөн келишимдердин негизинде 2023-жылы ижара акысы 7 149,6 миң сомду түзгөн, ал эми жыл ичинде болгону 3 489,3 миң сом өндүрүлүп, 2024-жылдын 1-январына өндүрүлбөй калган ижара акысы 6 761,4 миң сомго чейин өскөн.

Андан тышкары, 2023-жылдын 1-январына карата айыл өкмөттүн карамагындагы жерлер боюнча ижара акысы үчүн карыздары 582,2 миң сомду, ижара келишимдеринин суммасы 1 254,2 миң сомду түзгөн, ал эми жыл ичинде болгону 288,4 миң сом өндүрүлүп, 2024-жылдын 1-январына өндүрүлбөй калган ижара акысы 1 547,9 миң сомго чейин өскөн.

**Сунуштама:**

АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Курманбеков Т.

**Фрунзе айыл өкмөтү боюнча**

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 14 949,8 миң сомго бекитилип, такталган смета боюнча чыгашалар 35 346,1 миң сомго бекитилген, кассалык чыгымдардын көлөмү 33 740,5 миң сомго аткарылса, накталай чыгымдардын суммасы 21 091,3 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма

буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес, 6119,1 миң сом-курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы калыбына келтирилген эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын талаптары так аткарылсын. 6119,1 миң сомду калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн (курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы).

**2.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын ичинде бюджетке киргизилген кээ бир өзгөртүүлөр жана толуктоолор, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 4-пунктун бузуу менен жасалган, тактап айтканда, 2023-`жылдын 1-июнунан 1-ноябрына чейин 4 жолу жана 1-ноябрдан кийин 1 жолу, Фрунзе айыл кеңешинин токтомдору менен менен бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө 10 487,8 миң сомго өзгөртүүлөр киргизилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жергиликтүү бюджетке өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген тиешелүү мөөнөттөр так сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын башындагы АЧЖМФ жерлеринин ижарачыларынын карызы 794,0 миң сомду түзгөн, түзүлгөн келишимдердин негизинде ижара акысынын суммасы 5 476,4 миң сомду түзгөн, ошону менен бирге 2023-жылга АЧЖМФ жерлерин ижарага берүүдөн түшө турган киреше планы 3 170,3 миң сомго гана бекитилген, же болбосо бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы **3 100,1 миң сомго** төмөндөтүлгөн, жана бюджеттин жоготуулары болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнүн жерлерин ижарага берүүдө кирешелердин финансылык жылга план-болжолу, ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын эске алуу менен түзүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 74-беренесинин, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлар резервинде турбаган 5 кызматкер кабыл алынган, жана **250,3 миң сом** эмгек акы чегерилген, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 36,8 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 74-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктунун талаптары жетекчиликке алынсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын башына карата ижарачылардын карызы 794,0 миң сомду түзгөн. 2023-жылдын ичинде, АЧЖМФ жерлерине ижара акысынын келип түшүүсү 3 722,6 миң сомду түзгөн, же болбосо 2023-жылдын аягына ижара боюнча карыздын көлөмү ири өлчөмгө өскөн, тактап айтканда 1 753,7 миң сомго өсүп, жыл аягында 2 547,7 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылдын 3-ноябрындагы №08-219-489-01/30 «Соттун чечимин ыктыярдуу аткаруу жөнүндөгү» Фрунзе айыл өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Финансы

министрлигинин астындагы Каржы-кредит фондусунун ортосундагы түзүлгөн келишимдин негизинде, 2023-жылдын ичинде дыйкандар алган товардык кредиттер боюнча берилген кепилдик милдеттенмелер үчүн 4776,8 миң сомду Фрунзе айыл өкмөтү төлөп берген. Андан тышкары, АЧЖМФ жерлерин ижарачылар тарабынан төлөнбөй калган социалдык төлөмдөрдү төлөтүү жөнүндөгү Чүй областынын райондор аралык сотунун чечиминин негизинде Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматынын Панфилов району боюнча башкармалыгын дарегине 50,0 миң сом, төлөнгөн, же жогоруда келтирилген фактылар боюнча 2023-жылдын бюджеттик жоготууларынын көлөмү **4 826,8 миң сомду** түзгөн**.**

**Сунуштама:**

Соттук чечимдердин натыйжасында, дыйкандар алган товардык кредиттер боюнча берилген кепилдик милдеттенмелер үчүн жергиликтүү бюджеттин 4 826,8 миң сом суммасында жоготуулары орун алганын эске алып, мындан ары кепилдик берүү тартипке салынсын.

Мындан ары, бюджеттик каражаттардын жоготуусун алдын ала болтурбоо үчүн, АЧЖМФ жерлеринин ижарачылары тарабынан Социалдык фондко төлөмдөрүн өз убагында төлөнүүсү камсыздалсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Сакиев М.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттерде төмөндө көрсөтүлгөн объекттердин бюджеттеринин түзүлүшү жана аткарылышы бардык олуттуу аспектилерде аудиттин тиешелүү критерийлерине шайкеш келгендиги аныкталды:

**Панфилов районунун Өнүктүрүү фонду боюнча**

2023-жылга чыгымдар сметасы 3 152,4 мин сомго бекитилип, жыл ичинде 29 632,1 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 25 452,8 миң сомду түзүп, накталай чыгымдар 1419,0 миң сомго аткарылган.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор К.Чымылдаков

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын**
**Бишкек шаары,**
**Чүй жана Талас областтары боюнча**
**аймактык бөлүмүнүн жетекчиси** **М.М. Калмуратов**

Аткарган: мамлекеттик инспектор С. Байбосунов, тел.+996 312623518